
# Конституциялык палата чекит койду

**КР Конституциялык палатасы «Азия Универсал Банк» АККнын мурдагы жетекчилери Н.Абдразаков менен Ч.Кемпирбаеванын доо арызы боюнча Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларын Конституцияга ылайык келет деп таанылды.**



Түшүндүрө кетсек АУБнын мурдагы жетекчилери Н.Абдыразаков жана Ч.Кемпирбаевалар өздөрүн жумуштан алган Улуттук банктын айрым ченемдик-укуктук актыларын Конституцияга карщы келет деп арызданышкан. Бирок, КР Конституциялык палатасы тарабынан алардын доосу канааттандырылган жок. Себеп дегенде алар Улуттук банк тарабынан (Н. Абдразаков «Азия УниверсалБанк» ААК Башкармалыгынын төрагасы кызматын ээлеген маалда, Ч.С. Кемпирбаева «Азия Универсал Банк» ААКнын вице-президенти кызматын аркалаган учурда) Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларына ылайык, банктык тажрыйбада алгылыксыз жана кооптуу деп классификацияланган иш аракеттерге катышы бар деп таанылышкан.

Конституциялык палатанын чечиминде айтылгандай «КР Улуттук банкы коммерциялык банктардын ишмердигин көзөмөлдөөчү орган катары, алардан мыйзамда уруксат берилген ишмердикти жүргүзүүсүн талап кылууга укуктуу. Ал эми Улуттук банк ченемдик-укуктук актыларына таянып, банктардын жетекчилеринен кесиптик даярдыкты жана кынтыксыз абройго ээ болуусун талап кылууга да акысы бар. Анткени аларга элдин акча каражаттары менен мүлктөрү ишенип берилип жатпайбы.

“Ал эми милдеттүү талаптарды макулдашуу процедурасы КР Улуттук банкына банктрдагы жооптуу жетекчилик кызматтарга ишенимдүү адамдардын гана өтүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Эгерде бул адамдар мыйзамдагы нормаларды бузса, анда алар банктарды алгылыксыз жана кооптуу жагдайларга тушуктуруп коюшу ыктымал. Муну менен ишенимден кетсе, Улуттук банк аларды берилген укуктун негизинде алмаштырууга акылуу»- деп айтылат КР Конституциялык палатанын соттук чечиминде.

Ал эми КР Конституциялык палатасынын бул боюнча жыйынтыгына токтолсок төмөнкүчө айтылат: (Бул жерде бир катар мыйзамга таянган далилдер келтирилгендиктен ток этер жерин берели) “Жогорудагы келтирилген талаптарды эске алып, Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы лицензиялаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу» Жобосунун 6.9.3 жана 6.9.4 бөлүмдөрүн, ошондой эле, «Банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосунун 16.1 бөлүмүнүн 5(б) бөлүкчөсүнө ылайык доогерлердин дооматтары негизсиз деп эсептелсин” деп билдирет. Анткени, жогорудагы мыйзамдар деталдаштырылып жана нормаларды ачып бергендиктен, мыйзамда чектелген талаптардан чыккан эмес.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы тууралуу» мыйзамынын 46,47,48,51,52 беренелерине таянып, Конституциялык палата «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы лицензиялаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу» Жобосунун айрым бөлүмдөрү жана «КР банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосун КР Конституциясына каршы келбейт деп таанылды. Ошондуктан, Ч.Кемпирбаева менен Н.Абдразаковдун доо арыздары канаатандырылган жок.”

Белгилүү болгондой Конситуциялык палатанын чечими акыркы болуп эсептелинип, ал жарыялангандан тарта күчүнө кирип жана арызданууга жатпайт.

Ошентип, жылдап созулган талашка КР Конституциялык палатасы чекит койду. Баарынан да көптөн күткөндөй Конституциялык палатанын толук кандуу иштей баштагандыгы, өлкөбүздүн укук талаасын жөнгө салып, жарандарга өз укугу үчүн күрөшүүдө ишеним жаратып тургандай. Эң негизгиси бардык жерде мыйзамдын алкагында гана иш алып баруу зарылдыгы келип чыгууда. Ал эми жогорку маселеге келсек, айрыкча банк тармагында өз ишин жакшы билген тажрыйбалуу, таза колдуу кадрлардын иштешин мыйзамдык жактан камсыз кылган Улуттук Банктын ченемдик-укуктук мыйзамдарынын иштеп жатышы кубанычтуу көрүнүш. Болбосо, эл аманатын сактаган бул тармакта мыйзам чегинде иш жүргүзүлбөсө, катардагы карапайым адамдарбы, дегеле ким болбосун, маңдай тери менен тапкан байлыгынан ажырап калуусу толук мүмкүн.



Аида Батырбекова,
aihana.batyrbekova@gmail.com